**Ош мамлекеттик университетинин студенттерин жана магистранттарын практикадан өткөрүү боюнча**

# К Е Л И Ш И М

Ош шаары "28" 08 2023 ж.

Биз, төмөндөгү кол коюучулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К. Г. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана Жорорку байлыктары институнун директору жетекчиси Абидов Абдыкадыр Омарович ОшМУда практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

1. **"ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Институт, факультет, колледж студенттерди/магистранттарды адистикке калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт;

1.6. Мекеме ишканалар менен биргеликте конференцияларды, окуу-усулдук семинарларды, маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө дайыма кызматташат.

2. **"Ишкана" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Математика, физика жана маалыматтык технологиялар институтунун адистиктеринин студенттерине/магистранттарына практикадан өтүү үчүн календардык планга ылайык 10 орун берет;

2.2. Студенттер/магистранттар үчүн эмгек коопсуздугу боюнча эрежелер менен тааныштырат;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти/магистрантты керектүү иш кагаздар менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4 Математика, физика жана маалыматтык технологиялар институтунун адистиктеринин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.4. Эгерде студент/магистрант практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек укуктук ченем актыларын эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.5. Окуу - таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын аягында ар бир студентин/магистранттын аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.6. Өндүрүш студенттердин/магистранттардын практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жооптуу;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан “ОшМУ” экинчи тараптан “Ишкана” кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 20_23_ - жылдын _сентябрь_ 20_27_-жылдын _август_ айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири “ОшМУда” экинчиси “Ишканада” сакталат.

| Ош мамлекеттик университети | Тараптардын дареги |
|---|---|
| 723500, Ош шаары Алымбек Датка к., 331 | А.С. Джамалбаев атындагы |
| тел.: (+9963222) 70712 | ИСБ Институнун |
| факс: (+9963222) 70915 | 723500 Ош шаары |
| e-mail:edu@oshsu.kg www. oshsu.kg | Керимова көчөсү 31а |
| э/э № 1290393230420323 | тел (+9963222) 5-58-10 |
| “Элдик Банк” ААКтын Ош филиалы | iprog@rambler.ru |
| ИСН 00207199610017 | р/э № 4407013001654 |
| **ОшМУнун ректору,** | э/с 4407013002343 |
| **профессор К. Г. Кожобеков** | БИК 440001 |
| ____________________ | Центральное казначейство |
| | ИСБИнин директору проф. Бидов А. О. |